# ХАКАТОН

**Кыргыз Республикасындагы студенттер жана кесипкөйлөр үчүн Хакатон**

## МААЛЫМАТ КАТ

Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин компьютердик технологиялар жана жасалма интеллект институту 2024-жылдын 15-16 февралында студенттер жана 30 жашка чейинки кесипкөйлөр үчүн Хакатон өткөрөт. Бул Хакатон студенттердин жана кесипкөйлөрдүн машиналык окутуу, тексти үнгө конвертациялоо, нейрондук түйүндөр тармагындагы актуалдуу көйгөйлөрдү чечүүгө багытталган билим берүү, долбоорлоо жана коммуникациялык форуму болуп саналат.

**Хакатондун максаты** - Хакатондун багыттары боюнча келечектүү долбоордук чечимдерди иштеп чыккан, кесипкөй өнүгүп жаткан командаларды аныктоо.

**Хакатонду өткөрүү тартиби:**

1. Билим берүү;
2. Саламаттыкты сактоо;
3. Оюн-зоок;
4. Социалдык долбоорлор;
5. Бизнес жана өндүрүш;
6. Изилдөө.

Командалык катышуучулар жогоруда белгиленген багыттардын бири боюнча иштеп чыгышкан долбоорун калыстар тобуна көрсөтүшөт. Долбоорду кыргыз, орус тилиндеринде сунуш кылса болот.

Долбоор менен тааныштыруу -10 мүнөттөн ашык эмес.
Долбоорду талкуулоо жана суроолорго жооп берүү - 5мүнөттөн ашык эмес.

**Өткөрүү күнү:** 2024-жыл 15-16-февраль.

**Өткөрүлө турган орду:** Бишкек шаары, Фрунзе көчөсү 547, Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети, №1 башкы имарат, 2-кабат Чоң жыйындар залы.

# ХАКАТОН

## Хакатонду уюштуруучулар жана демөөрчүлөр

Хакатонду уюштуруучулар Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча Улуттук комиссия, Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин компьютердик технологиялар жана жасалма интеллект институту.

Хакатондун демөөрчүсү **ULUT SOFT** компаниясы.

Катышуучуларды каттоо электрондук формадагы өтүнмөнү (мындан ары-өтүнмө) толтуруу жолу менен 13.02.2024 чейин жүргүзүлөт.

**Катышуу шарттары:**

Хакатонго жеке тараптар жана командалар катыша алат. Катышуучулардын саны - бир команданын курамы беш кишиден ашпоого тийиш. Бир билим берүү мекемесинен катыша турган командаларга чектөө жок. Хакатон аянтчасына өзү келип катышат, же онлайн форматта катышууга болот.

Хакатонго катышуу студенттер жана кесипкөйлөр үчүн акысыз. Транспорттук жана тамак-ашка байланыштуу чыгымдар катышуучулар же аларды жөнөткөн тарап мойнуна алат. Хакатондун катышуучусу болуп, хакатонго катышууга өтүнмөнү катасыз толтурган талапкер эсептелет. Хакатондун ар бир катышуучусунун негизги милдети хакатондун 6 багытынын бирине ылайык долбоор иштеп чыгуу. Иштелип чыккан долбоордук чечим төмөндө көрсөтүлгөн жаңылык, оригиналдуулук жана критерий талаптарына жооп бериши керек.

**Баа берүү критерийлери:**

Калыстар төмөндөгү критерийлердин жыйындысында 10 баллдык шкала боюнча долбоордук чечимдерди баалашат:

1) долбоордун идеясынын хакатондун 6 багытынын бирине ылайык келиши;
2) долбоордук чечимдин оригиналдуулугу жана инновациялуулугу;
3) техникалык чечимдин иштелип чыккандыгы;
4) сунуш кылынган долбоордук чечимдин экономикалык натыйжалуулугу;
5) презентация болгон жана тааныштырылган материалдын даярдалыш сапаты;
6) долбоордук чечимдин кубаттуулугу. Жыйынтык чыгаруу.

1. Хакатондун жыйынтыгын Уюштуруу комитети чыгарып, протокол жазылат.
2. Хакатодун бардык катышуучуларына сертификат тапшырылат.
3. Жеңүүчүлөр баалуу сыйлыктар менен сыйланат.

ULUT SOFT

КУУ КТжЖИИ

КНУ ИКТиИИ

# ХАКАТОН

**2024-жылы 15-16 - февралда өтө турган**
**Хакатондун программасы**

| | |
|---|---|
| 15 февраля 9.00-10.00 | Катышуучуларды каттоо |
| 15 февраля 10.00-11.00 | Хакатондун салтанаттуу ачылышы. Уюштуруу комитетинин өкүлдөрүнүн куттуктоосу. Ж.Баласагын атындагы КУУнун ректору Т.А.Абдырахмановдун куттуктоосу. |
| 15 февраля 11.00-12.00 | Долбоорлорду бөлүштүрүү |
| 15 февраля 12.00 | Хакатондун башталышы |
| 16 февраля 15.00-18.00 | Катышуучулардын, командалардын долбоорлорду презентациялоосу. |
| 16 февраля 18.00-19.00 | Хакатондун жеңүүчүлөрүн аныктоо. |
| 16 февраля 19.00-20.00 | Жеңүүчүлөрдү жарыялоо, Хакатондун салтанаттуу жабылышы. |

**Байланыш үчүн маалыматтар:**
**Дареги:** Бишкек ш. Фрунзе көчөсү 547, Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин №1 окуу имараты, 2-кабат, Чоң жыйындар залы
**E-mail:** ulutsoftlls@gmail.com
**Тел.:** +(996) 702 290 892, +(996) 707 374 005, +(996) 709 409 730

designer: omurov